**Д 13.20.618 И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков Акматалинин 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Батиров Азизбек Рузибаевичтин "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясына**

**КОРУТУНДУСУ**

Эксперт изденүүчү Батиров Азизбек Рузибаевичтин "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациянын темасы жана проблемасы 13.00.01 - Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистигинин паспортундагы "Тарбиялоонун теориялары жана концепциялары" аталыштагы 3 пунктундагы инсандын ар түрдүү курагындагы тарбиялоонун теориялары, концепциялары, моделдери, технологиялары, окуу процессин жана инструменттерин окуу-методикалык камсыздоо сыяктуу тармактар менен чектеш.
2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Мезгилдүү басма сөздөрдө, социологиялык иликтөөлөрдө такай белгиленип келе жаткандай азыркы кыргыз коомунда мекенчилдик аң-сезимдин салттуу дөөлөттөрү барган сайын бошондоп, коом мүчөлөрүнүн көз караштарында, жүрүмтурумунда кайдыгерлик, эгоизм, индивидуализм илдеттери күч алып, мамлекетке жана анын социалдык институттарына карата сый-ызаатсыз мамиле тамыр жая баштады. Мындай кубулуш туруктуу тенденцияга айланып бара жатканын жалгыз эле экономикалык кырдаалга шылтап жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоонун бүгүнкү тарыхый-социалдык реалийлерге шайкеш келген таасирдүү каражаттарын иликтөө жаатында педагогика илими да өтө эле пассивдүү позицияны карманып келет. Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоонун узак кылымдардын сынынан өтүп, бирок азыр обьективдүү жана субьективдүү себептерден улам колдон чыгып бара жаткан каражаттардын бири – бул көркөм сөз дөөлөттөрү. Албетте, мындай көрүнүш келечектеги муун үчүн, өлкөнүн тагдыры үчүн өтө коопту ишаарат. Ушундан улам изденүүчү Р. А. Батировдун диссертациялык изилдөөсүнүн темасынын актуалдуулугу эч кандай шек жаратпайт. Азыркы мектептин адабият сабактарынын окуу программаларына кирген кыргыз фольклордук чыгармаларынын тарбиялык

мааниси белгилүү өлчөмдө бир катар ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде колго алынган. Ошону менен бирдикте кыргыз элинин фольклордук мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарына аныктоо арналган изилдөөлөргө муктаждык дале бар.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз элинин фольклордук мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын аныктоо, аныкталган жоболорду жана сунуштарды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү, алардын майнаптууларын мектеп практикасына киргизүү -деп айкындалган

**Изилдөөнүн объекти:** азыркы шартта мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** кыргыз фольклорунун идеяларын мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоо процессинде ишке ашыруунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.

**Диссертацияда төмөндөгүдөй изилдөө милдеттери белгиленген:**

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функциясын аныктоону тереңдетүү жана теманын изилденишине, методологиялык таянычтарына обзор берүү.
2. Патриоттук тарбиялоодо кыргыз элинин фольклордук мурастарыынын зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо.
3. Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу тешерүү.

**4. Илимий жыйынтыктар.**

- фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук катары өзгөчөлүктөрү конкреттештирилген; фольклордук чыгармалардагы патриоттук тарбиялоо идеялары аныкталды жана алардын бүгүнкү күн үчүн керектүү делген базасы түзүлгөн;
- кыргыз элинин оозеки көркөм мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары, принциптери жана жолдору, б.а., жалпы модели жана шарттары иштелип чыккан;
- иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын, технологиялардын бүгүнкү мектеп практикасы үчүн натыйжалуулугу педагогикалык тажрыйба аркылуу сынактан өткөрүлгөн.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** Бул изилдөөнүн материалдары жана илимий жыйынтыктары мугалим-тарбиячыларды кыргыз фольклоруна мекенди сүйүүгө тарбиялоого байланыштуу педагогикалык баалуулуктардын булагы катары мамиле кылууга багыттайт, мектеп мугалимдерин окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо кыргыз фольклорун пайдалануу боюнча теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткөрүлгөн билимдер менен камсыз кылат. Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдерди тарбиялык ишмердүүлүккө даярдоонун мазмунун жана методикасын өркүндөтүүдө колдонсо болот.

**5. Автореферattын диссертациясынын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну негизинен диссертациянын мазмунуна дал келет, бирок материалдарды пропорциялуу жайгаштыруу жагынан кескин айрымаланат. М. 1-главанын материалдарына авторефератта өтө эле көп орун берилип калган (9-19 б.б.). Корутундуланып бериле турган сыпаттама тексттер тике орун алып калганы, авторефераттын стилине туура келбей калган.

Автореферат диссертациядагы илимий аппараттын жана педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен байланышкан мазмундук жана техникалык кемчиликтерди жойгондон кийин кайрадан иштеп чыгууну талап кылат. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелери бири бирине иденттүү.

**6. Мүчүлүштүктөр жана алардын үстүндө иштөө боюнча сунуштар.**

**1. Тема жана киришүү боюнча**

1. Диссертациянын темасынын аталышы башка компоненттердин контекстинде караганда тыкыр ойлонуштурулбагандай таасир калтырат. Анткени, **тема бул диссертациянын тексттин мазмунуна бүтүндүк берип турган негизги ой.** Каралып жаткан диссертациянын **мазмундук чектери** *теманын аталышында*, актуалдуулугунда, максат, милдеттеринде ж.б. компоненттеринде так белгиленген эмес. (Дисс. 3-8 б.б.)

2. Педагогика илиминин анын ичинде этнопедагогика илиминин өнүгүшүнүн бүгүнкү этабынын методологиялык принциптерине туура келбеген жана ***зарыл түзөтүүнү талап кылган төмөнкүдөй жагдайлар бар:***

2.1. Темада кыргыз фольклорунун кайсы түрү, жанрлары изилдөө жана колдонуу предмети болоору так аныкталган эмес. Айтылуу “Манас” эпосун эске албаганда эле шарттуу түрдө кенже эпостор аталган “Кожожаш”, “Эр Төштүк”, “Жаныш, Байыш”, “Курманбек”, “Эр Табылды”, “Саринжи-Бөкөй”, “Эр Солтоной”, “Жаңыл Мырза”,

“Олжобай менен Кишимжан”, “Жоодар Бешим”, “Кедейкан” сыяктуу эле 15 тен ашуун дастандар жашап келет. Мындан тышкары мазмуну мекенчилдикке тарбиялоо идеяларына карк жомоктор, макал-лакаптар, санат насыяттар сыяктуу чыгармалар да бар. Алардын ар бири өз алдынча изилдөө, колдонуу аспектинде каралууга татыктуу. Бүгүнкү илимдин милдети аларды өз өзүнчө тандап, иргеп изилдөө, колдонуу шарттарын изилдөө. Мындай тажрыйбалар кыргыз этнопедагогикасында кадыресе салтка айланып калган (Т.Ормонов (1972), Абдымомунова (2009), Ж. Т. Каденова (2018).

2.2. Теманын актуалдуугунда **жалпы сөздөр** басымдуулук кылат, **ынанымдуу аргументтер** аз. **Карама-каршылык** пункту чаташкан, карама каршылыктар менен таризделген.

2.3. **А**дабияттар анализинде фольклор таануу, этнопедагогика, методика багытындагы эмгектер аралашып кетип, маселенин илимдеги изилдениш абалы такталбай, аныкталбай калган.

**2.4.** Изилдөөдө “мектеп окуучулары” деген түшүнүк өтө жалпы. Кенже куракпы же өспүрүмдөрбү? Кайсы класстар? Окуу процессиндеби же класстан тышкаркы тарбиялык иш чаралар алкагындабы? **Бул суроолордун баары тактоону талап кылган принципиалдуу методологиялык маселелер.**

Изилдөөнүн темасынын жана проблемасынын алкагында илимий апааратттын бардык компоненттери кайрадан түзөлтүлүшүн сунуш кылам.

**Биринчи глава боюнча.**

1. Биринчи экинчи параграфтар аталышы боюнча экөө тең бирдей максатты көздөйт Бирнчиси түшүнүктөрдүн **“теориялык анализи” (11-22 бб.)** , экинчиси **“методологиялык таянычтары”** (22-37 бб). Мында экөө тең теорияга арналган. Бирок, **“методология” биринчиби же “теория” биринчиби** деген маселени эске албай олуттуу катачылыкка жол берген. Эгерде теориялык билимдердин иерархиясынан карасак методология биринчи планда каралыш керек. Демек, методология аталышына байланыштуу параграф теориядан мурда болушу зарыл эле.
2. “Патриоттуулук” түшүнүгү атайын кароону талап кылбаган “окутуу”, “тарбиялоо” сыяктуу эле илимде бир тараптуу аныктамалар аркылуу такталган көндүм түшүнүк. Эгерде жаңыдан анализ кылынса жаңы кырлары ачылып, жаңы жумушчу аныктамалар менен бекемделиши зарыл эле. Тилекке каршы диссертацияда мындай белгилер байкалбайт. Ошону менен бирдикте аны мүнөздөгөн жаңы кыргыз тилиндеги түшүнүктөр да илимий айлампага алынбай калган. М. Кыргыз тилинде бул түшүнүк “мекенчилдик”, “мекенчилдикке тарбиялоо” катары кабылданып терминологиялык сөздүктөрдөн баштап, окуу китептер, Президенттин Жарлыктарына чейин кирип кеткен.

Маселенин “теориялык анализи”, “методологиялык таянычтары” деген рубрикациялар изилдөөчүнү (11-22) ушул проблеманын б.а. кыргыз элинин фольклордук мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоо боюнча илимде калыптанган теориялык билимдерди ачып көрсөтүүнү милдеттендирет. Тилекке каршы бул бөлүмдөрдө темага байланыштуу эмгектер аталган менен анын контекстинде кыргыз элинин фольклордук мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоо проблемасынын кайсы жагы каралып кайсы жагы чечилгени айкындалган эмес. Адабияттар анализи жалпы багыт боюнча жүргүзүлүп, өзүнүн темасы, проблемасы боюнча илимдеги абал так ачыкталбай калган.

Айрым материалдар көлөм үчүн гана кызмат кылбаса изилдөөнүн милдеттерине тике тиешеси жок. М. *“Кыргыз фольклорундагы улуттук салттар, үрп-адаттар этнопедагогикалык булак катары советтик этнограф С. М. Абрамзондун XX кылымдын 30-жылдарынан тартып кыргыз жерине келип жазып кеткен “талаа материалдарынын” негизинде жазган эмгектеринин тандалма китебинде ар тараптуу чагылдырылган. Бул тармакта И. Б. Молдобаев тарыхый-этнографиялык багыттагы эмгектерин калтырып кетти”* (автореферат. 12 - б)

3. Жалпылап айтканда теориялык негиздерди талдоого байланыштуу бөлүмдөр -бул буга чейин бул маселени чечүү багытында эмнелер жасалган деген суроого жооп берүүнүн ордуна теманын чектерине тике тиешеси жок материалдардан туруп калган.
4. Фольклордун патриоттуулукка тарбиялоо функцияларына байланышкан бөлүм бар, бирок ички мазмуну публицистикалык стилдеги социологиялык маалыматтар менен чектелип эч кандай функциялар аныкталбай калган (37-46 б.б.).

**Экинчи глава боюнча**

Инструкция боюнча экинчи главада изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылышы зарыл эле. Мында изилдөөнүн обьектин, предметин, методологиясын, методдорун, изилдөөгө тартылган билим берүү мейкиндиги, изилдөө инструменттерин айкындоо багытындагы диссертанттын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар аз. (48-106 б.б.)

Изилдөөнүн материалдары бөлүмүндө педагогикалык изилдөөнүн табиятына жат методдоруна жат фольклордук чыгармаларды изилдөөчүлөрдү (49) жана жат фольклордук чыгармалардын өзүн классификациялоо (49-59) , мектеп программаларында орун алышынын статистикасына ( 57-59) байланыштуу маалыматтар орун алып калган.

Арийне, классификациялоого каршылык жок. Бирок, бул изилдөө классификациялоону фольлористикалык өңүттө эмес, этнопедагогикалык өңүттө жүргүзүүнү талап этет.

Диссертациядагы “Фольклордук чыгармаларды үйрөнүү жана жыйынтыктоо; “Тарыхый материалдарды үйрөнүү жана жыйынтыктоо”; “Этнографиялык эмгектерди үйрөнүү жана пайдалануу”, “ Нормативдик материалдарды үйрөнүү” сыяктуу изилдөө методдору колдонулганы тууралуу маалымат бар. (60 б.). Педагогикалык изилдөөлөрдүн классификациясында мындай методдор жок.

Изилдөө методдору толугу менен изилдөө милдеттерине адекваттуу эмес. Аларды сыпаттоодо системдүүлүк, реалдуулук принциптери сакталган эмес.

Сурамжылоо, байкоо методдору колдонулганын белгилейт (69) бирок, ал инструменттер кандай иштелип чыкканы, кимдин анкета же өлчөө тесттерине таянгандыгы тууралуу эч бир маалымат жок.

**Экинчи главанын** курамында “Кыргыз элдик оозеки чыгармаларында патриоттуулукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары” -деген бөлүм бар. Бирок, мазмунунда “Эр Табылды” эпосундагы патриоттулуктун мотивдери гана чагылдырылган.

Изилдөөнүн негизги милдеттеринин бири болгон “Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун, модели” параграф 2.4.ттө чагылдырылган.

1. Бирок, педагогикалык процессти моделдештирүүнүн ирети, эрежелери сакталган эмес.
2. Баатырдык эпсотордогу башкы каармандардын (79 – 80 б.б) сапаттарынын модели бул бөлүмгө тике тиешеси жок.
3. 82 -беттеги моделдин аталышы темага шайкеш эмес.
4. К. Таированын диссертациясында түзүлгөн моделдин схемасын чагылдыруу жана принциптерди тикеден тике кайталоо, колдонуу орунсуз. (84-89 б.б.)

**Үчүнчү глава боюнча**

1. Педагогикалык экспериментте сыноо үчүн эмне коюлуп жатат педагогикалык шарттарбы же үлгү сабактарбы тактоо керек.
2. Педагогикалык экспериментте окуучулардын кыргыз элдик оозеки чыгармалары аркылуу патриоттуулукка тарбиялангандыгынын өнүгүш абалы, динамикасы кандай критерийлер аркылуу аныкталды. *Төмөн, орто, жогору* деген деңгээлдик көрсөткүчтөрүнүн ички мазмунун сыпаттоо керек.
3. Аныктоочу экспериментте колдонулган анкеталардын мазмуну, структурасы, натыйжаларын баалоо процедуралары тууралуу кеңири маалымат берүү керек.
4. Жыйынтыгында эксперименталдык тажрыйба олуттуу өзгөртүү, толуктоолорду талап кылат.
5. Эксперименталдык жумуштун жыйытыктары кандай каражаттар менен өлчөнүп бааланганы тууралуу реалдуу маалыматттарды толуктоо зарыл.
6. Окуучулардын кыргыз элдик оозеки чыгармалары аркылуу патриоттуулукка тарбиялангандыгынын натыйжаларынын сапаттык мүнөздөмөлөрүн конкреттештирүү зарыл.

**Корутунду боюнча**

1. Корутундуну корутунду жазуунун эреже жоболоруна негиздеп жазуу керек. Бул компонент тикеден тике коюлган милдеттердин чечилиши тууралуу жыйынтыктоочу ой катары автордук позицияга негизделип башка стилде жазылышы шарт. Азыркы абалында айрым башка бөлүмдөрдөгү тексттердин мүнөзүнө окшоп турат. Конкреттүү натыйжалар, жаңы билим түшүнүк катары таризделген эмес.
2. Практикалык сунуштарды сунуш стилинде тариздөө зарыл. Практикалык сунуштар изилдөөнүн натыйжаларынан чыгарылышы керек

**Сунуштар:** Жогоруда белгилеген кемчиликтерди олуттуу деп эсептейм жана тийиштүү оңдоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгын белгилейм.

Өзгөчө диссертациянын текстин илимий стилистиканын талаптарына ылайык карап чыгуу зарыл.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертацияны бул турган абалында кабыл алууга болбойт.

**9. Бүтүм. Батиров Азизбек Рузибаевичтин "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары"** деген темадагы диссертациясы 13.00.01 – "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт. Бирок, диссертацияда бир катар олуттуу кемчиликтер орун алгандыгына байланыштуу оңдоолорго жана түзөтүүлөргө муктаж.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Батиров Азизбек Рузибаевичтин "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары" деген темадагы диссертациясын белгиленген мүчүлүштүктөр жоюлгандан кийин кабыл алуну сунуштайт.

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**
**педагогика кафедрасынын профессору**
**педагогика илимдеринин доктору** **Алимбеков А.**